КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

20.01.2022г № 57

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Тамеки жана никотинди тартууга (керектөөгө), анын ичинде суу түтүктөрүн (кальянды), тамекини ысытуучу системаларды жана башка тамеки чегүү буюмдарын пайдалануу менен, ошондой эле НЖЭС (анын ичинде электрондук сигареталарды) пайдаланууга тыюу салган белгиге карата талаптарды жана аны жайгаштыруунун тартибин бекитүү жөнүндө**

«Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекини, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - №121 КР Мыйзамы) 13-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык буйрук кылам:

1. Тамекини жана никотинди тартууга (керектөөгө), анын ичинде суу түтүктөрүн (кальянды), тамекини ысытуучу системаларды жана башка тамеки чегүү буюмдарын пайдалануу менен, ошондой эле НЖЭС (анын ичинде электрондук сигареталарды) пайдаланууга тыюу салган белгиге карата тиркелген талаптар жана аны жайгаштыруунун тартиби (мындан ары - Тамекини жана никотинди тартууга (керектөөгө) тыюу салган белги жана аны жайгаштыруунун тартиби жөнүндө Талаптар) бекитилсин.

2. ЭССБ жана РДЧжМКБ директорлору (Алхожоев Т.М., Алтымышева Н.А.) ушул буйрук менен бекитилген тамекини жана никотинди тартууга (керектөөгө) тыюу салган белги жана аны жайгаштыруунун тартиби жөнүндө Талаптарды коомчулукка анын ичинде уюмдардын жана министрликтин расмий сайттарына жарыялоо жолу менен маалымдашсын.

3. ОААжМСЭКД директору (Абдыкадыров С.А.), Бишкек ш. МСЭКБ башкы дарыгери (Кундашев К.У.) жана аймактардагы ОААжМСЭК борборлорунун башкы дарыгерлери, № 121 КР Мыйзамынын 13-беренесинин жоболорун ишке ашыруу үчүн, ушул буйрук менен бекитилген тамекини жана никотинди тартууга (керектөөгө) тыюу салган белги жана аны жайгаштыруунун тартиби

жөнүндө Талаптарды тиешелүү мамлекеттик, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга маалымдашсын жана аларга таратышсын.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары У.Б. Бектургановго жүктөлсүн.

**Министр** **А.С. Бейшеналиев**